КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТОНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын XVI сессиясы

# ТОКТОМ №57

**«03» ноябрь 2023-жыл** **Тоң айылы**

## Замирбек уулу Айбектин кайрылуусу жөнүндө

Кара-Чекенде тилкесиндеги алма, өрүк бактын ижарачысы Замирбек уулу Айбектин өрүк бактын тегерегин коруп эски бактарды кыйып жаныртып жатканын, кароо үчүн бир топ эмгек кылганын айтып ижара мөөнөтүн узартып берүү боюнча кайрылуусун угуп жана талкуулап, Тоң айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Кара-Чекенде тилкесиндеги Тоң айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги өрүк бак Замирбек уулу Айбекке жылына 210 000 (эки жүз он миң) сом ижара акысы менен 2024-жылдан баштап 7 жылга ижара келишими узартылып берилсин.

2. Замирбек уулу Айбек менен келимиш түзүү жагы жана бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Тоң айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Тоң айылдык кеңешинин жер, турак жай жана айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Турдуев**

**Жооптуу катчы** **А. Жумашев**